
# МААЛЫМАТ КАТ



**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдыгына карата**

**«КОТОРМОЧУЛАРДЫН ОЛИМПИАДАСЫ»**

**республикалык котормочулардын олимпиадасы**
**Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.**
**(апрель, 2025-жыл)**

**Кыргызстандагы мамлекеттик университеттердин жетекчилигине**

**Тема: «КОТОРМОЧУЛАРДЫН ОЛИМПИАДАСЫ» студенттик программа**

**Урматтуу кесиптештер!**

Сиздерди Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдыгына карата Кыргызстандын мамлекеттик университеттеринин студенттери үчүн республикалык «Котормочулардын Олимпиадасы» өткөрүлө тургандыгын маалымдап, катышууга чакырабыз. Бул олимпиада Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Кыргыз филологиясы факультетинин Түркология жана котормо таануу бөлүмү тарабынан уюштурулуп жатат.

Уюштуруу тобу республикадагы мамлекеттик университеттердин студенттерин олимпиадага катышууга чакырат.

**Олимпиаданын максаты:**

- Студенттердин тилди билүү деңгээлин текшерүү;
- Котормо көндүмдөрүн өнүктүрүү жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өрчүтүү;
- Тилдердин өзгөчөлүктөрүнө кызыгууну арттыруу жана тилдик маданиятка баа берүү.

**Катышуучулар:** Олимпиадага Кыргызстандагы мамлекеттик университеттердин студенттери катыша алышат. Студенттер төмөнкү тилдик топтор боюнча бөлүнөт:

Англис тили
Кыргыз тили

**Программанын планы:**

**1-баскыч:** ***Теориялык тест (жазуу түрүндө)***
Котормо теориясы жана грамматика боюнча 20-30 суроо;
Берилген тексттеги грамматикалык каталарды табуу.

**2-баскыч:** ***Жазуу котормосу***
Катышуучуларга 200-300 сөздөн турган текст берилет (2 тилде);
Белгилүү убакытта (60-90 мүнөттө) текстти которуп чыгуу.

**3-баскыч:** ***Оозеки котормо***
Чакан диалогду же монологду которуу (угуу же текст аркылуу);
Артикуляция жана тилдин өзгөчөлүктөрүн так берүү.

**Инструкция:**

1. Катышуучулар олимпиадага катышуу үчүн алдын ала катталышы керек.
2. Баардык этаптар убакыттын чегинде өтөт, эрежелерди сактоо милдеттүү.
3. Жазуу жана оозеки тапшырмалар калыстар тобу тарабынан бааланат.
4. Жыйынтыктар тесттин тактыгы, мазмунду жеткирүү жана чыгармачылык жөндөм боюнча белгиленет.

**Калыстар тобу:**

Калыстар тобуна тилчилер, котормо адистери жана окутуучулар кирет.

**Баалоо критерийлери:**

1. Тексттин мазмунун туура берүү (40%)
2. Грамматикалык жана стилистикалык тактык (30%)
3. Чыгармачылык жана тилдин байлыгы (20%)
4. Убакытты туура пайдалануу (10%)

**Өткөрүү убактысы:**

**21-апрелде** 1-баскыч онлайн тест менен кабыл алынат.

**28-апрелде** саат **09:00** 2-баскыч өткөрүлөт, ушул эле күнү саат **13:00** 3-баскыч өткөрүлөт.

**Өткөрүү орду:**

**Жусуп Баласагын атындагы КУУнун №5 имараты, 300-дарскана.**

Бул котормочулардын олимпиадасы студенттердин тилдик жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө жана алардын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн ачууга чоң өбөлгө түзөт. Кыргызстандагы бардык мамлекеттик университеттердин студенттерин активдүү катышууга чакырабыз!

Суроолор боюнча кайрылуу үчүн: [0504 243-535, 0555 201-150, 0703 100 480]

**Урматтоо менен, уюштуруу тобу.**